| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**БАТКЕН ОБЛУСУ**<br>**БАТКЕН РАЙОНУ**<br>**СУУ-БАШЫ АЙЫЛ**<br>**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**<br>**КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**БАТКЕНСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**СУУ-БАШИНСКОГО АЙЫЛНОГО**<br>**АЙМАКА** |

Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XIX сессиясы

# ТОКТОМ №134

2026-жылдын 24-марты Бужум айылы

## Суу-Башы айыл аймагындагы жайыт пайдалануучулар бирикмесинин 2025-жылдагы аткарылган иштери боюнча отчету жана 2026-жылга иш планын, бюджетин бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 21-беренесине ылайык, жайыт пайдалануучулар бирикмесинин төрагасы Т.Абдуматовдун 2026-жылга түзүлгөн иш планын, бюджетин карап чыгып, 2025-жыл ичинде аткарылган иштери боюнча билдирүүсүн угуп жана талкуулап Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Суу-Башы айыл аймагындагы жайыт пайдалануучулар бирикмесинин төрагасы Т.Абдуматовдун 2025-жылга карата аткарылган иштери канааттандыраарлык деп табылсын.

2. Суу-Башы айыл аймагынын жайыт комитетине пайдалануучу жайыт участокторy үчүн жайлоолордон түшүүчү жайыт акы эсептелген тарифине ылайык бекитилсин.

3. Суу-Башы айыл өкмөтүнүн жайыт пайдалануучулар бирикмесинин 2026-жылга сунуш кылган бюджети, жайыттарды пайдалануунун жылдык иш планы бекитилсин.

4. Жайыттарды туура пайдалануу, жайыт пайдалануучуларга түшүндүрүү иштерин жүргүзүү менен жайыт акысын өндүрүү жана бюджетти бекитилген сметага ылайык өз багытында максаттуу жана үнөмдүү иш алып баруу жагы жайыт комитетине милдеттендирилсин.

5. Суу-Башы айыл аймагына сырттан келген мал жандыктар биздин аймакка таандык эмес болсо, милдеттүү түрдө алып чыгып кетүү же болбосо милициянын аймактык тескөөчүлөрү менен биргеликте айып пул салуу чаралары көрүлсүн.

6. Жайыт пайдалануучуларга жайлоого мал жандыктарын алып чыгуу убактысы жакынкы жайыттарга 15-апрелине чейин, алыскы жайыттарга жайгаштыруу 15-майдан баштап уруксат берилсин жана белгиленген тартип аткарылбаган учурда малчыларга мыйзамдуу чаралар көрүлөөрү эскертилсин.

7. Айылдык кеңештин жооптуу катчысы токтомду каттоого алып, токтомдун көчүрмөсүн suu-bashy.gov.kg веб-сайтына жарыяласын жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Баткен облусунун юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

8. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн баштап күчүнө кирет.

9. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңешинин орун басарларына жүктөлсүн.

**Төрага** **К.Шакиров**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**БАТКЕН ОБЛУСУ**<br>**БАТКЕН РАЙОНУ**<br>**СУУ-БАШЫ АЙЫЛ**<br>**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**<br>**КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**БАТКЕНСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**СУУ-БАШИНСКОГО АЙЫЛНОГО**<br>**АЙМАКА** |

Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын
кезектеги XIX сессиясы

**ТОКТОМ №135**

2026-жылдын 24-марты Бужум айылы

**Суу-Башы айыл аймагындагы коомдук транспорттун ишин жөнгө салуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамына жана Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңешинин регламентине ылайык, Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы А.Мансуровдун билдирүүсүн угуп жана талкуулап Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Суу-Башы айыл аймагындагы коомдук транспорттун ишин жөнгө салуу боюнча аткарган иштери канааттандырарлык деп табылсын.
2. Суу-Башы айыл аймагында маршруттук каттамдардын иштөө убактысын жана кошумча каттамдарды жөнгө салуу, автотранспорт агенттигинин Баткен аймактык башкармалыгы менен иш алып баруу жагы Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы А.Мансуровго милдеттендирилсин.
3. Айылдык кеңештин жооптуу катчысы токтомду каттоого алып, токтомдун көчүрмөсүн suu-bashy.gov.kg веб-сайтына жарыяласын жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Баткен облусунун юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.
4. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн баштап күчүнө кирет.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңешинин төрагасынын орун басарларына тапшырылсын.

**Төрага** **К.Шакиров**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛУСУ**
**БАТКЕН РАЙОНУ**
**СУУ-БАШЫ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАТКЕНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ СУУ-БАШИНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XIX сессиясы

# ТОКТОМ №136

2026-жылдын 24-марты — Бужум айылы

**Суу-Башы айыл аймагына инвестицияларды жана гранттарды тартуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын ”Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамына жана Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңешинин регламентине ылайык, Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн инвестиция тартуу боюнча жетектөөчү адиси А.Маркаевдин билдирүүсүн угуп жана талкуулап Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Суу-Башы айыл аймагына инвестицияларды жана гранттарды тартуу боюнча аткарган иштери канааттандырарлык деп табылсын.

2. Суу-Башы айыл аймагынын социалдык-экономикалык өнүгүү программасына киргизилген иш чараларын, ишке ашырууга кошумча инвестицияларды жана гранттарды тартуу жагы Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы А.Мансуровго милдеттендирилсин.

3. Айылдык кеңештин жооптуу катчысы токтомду каттоого алып, токтомдун көчүрмөсүн suu-bashy.gov.kg веб-сайтына жарыяласын жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Баткен облусунун юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

4. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн баштап күчүнө кирет.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңешинин төрагасынын орун басарларына тапшырылсын.

**Төрага** **К.Шакиров**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛУСУ<br>БАТКЕН РАЙОНУ<br>СУУ-БАШЫ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАТКЕНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>СУУ-БАШИНСКОГО АЙЫЛНОГО<br>АЙМАКА** |

Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XIX сессиясы

**ТОКТОМ №137**

2026-жылдын 24-марты Бужум айылы

**Суу-Башы айыл аймагындагы өзгөчө кырдаалдарды алдын алуу жана анын кесепеттерин жоюуга даярдык иштери жөнүндө.**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамына жана Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңешинин регламентине ылайык, Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн өзгөчө кырдаалдар боюнча башкы адиси И.Туратовдун билдирүүсүн угуп жана талкуулап Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Суу-Башы айыл аймагындагы өзгөчө кырдаалдарды алдын алуу жана анын кесепеттерин жоюуга даярдык иштери канааттандырарлык деп табылсын.

2. Баткен районунун өзгөчө кырдаалдар боюнча башкармалыгынын 2026-жылдын иш планына, айыл аймакта коопту болгон жерлердин керектүү болгон иш кагаздарын даярдап берүү жагы, Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы А.Мансуровго милдеттендирилсин.

3. Айылдык кеңештин жооптуу катчысы токтомду каттоого алып, токтомдун көчүрмөсүн suu-bashy.gov.kg веб-сайтына жарыяласын жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Баткен облусунун юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

4. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн баштап күчүнө кирет.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңешинин төрагасынын орун басарларына тапшырылсын.

**Төрага** **К.Шакиров**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛУСУ**
**БАТКЕН РАЙОНУ**
**СУУ-БАШЫ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАТКЕНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ СУУ-БАШИНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XIX сессиясы

# ТОКТОМ №138

2026-жылдын 24-марты Бужум айылы

## Суу-Башы айыл аймагындагы тиричилик калдыктарын чогултуу, чыгаруу жана жок кылуу иштери жөнүндө

Кыргыз Республикасынын ”Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамына жана Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңешинин регламентине ылайык, Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн алдындагы “Кара-Булак-Тазалык” муниципалдык ишканасынын жетекчиси Нишанбай уулу Уланбектин билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Суу-Башы айыл аймагындагы тиричилик калдыктарын чогултуу, чыгаруу жана жок кылууда аткарган иштери канааттандырарлык деп табылсын.

2. Суу-Башы айыл аймагындагы таштандыларды өз убагында алып чыгуу, жок кылуу жана тазалыкты сактоону элдерге түшүндүрүү иштерин жүргүзүү жагы Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы А.Мансуровго милдеттендирилсин.

3. Айылдык кеңештин жооптуу катчысы токтомду каттоого алып, токтомдун көчүрмөсүн suu-bashy.gov.kg веб-сайтына жарыяласын жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Баткен облусунун юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

4. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн баштап күчүнө кирет.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңешинин төрагасынын орун басарларына тапшырылсын.

**Төрага** **К.Шакиров**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛУСУ<br>БАТКЕН РАЙОНУ<br>СУУ-БАШЫ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАТКЕНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>СУУ-БАШИНСКОГО АЙЫЛНОГО<br>АЙМАКА |
|---|---|---|

Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын
кезектеги XIX сессиясы

**ТОКТОМ №139**

2026-жылдын 24-марты Бужум айылы

**"Кара-Токой" жалпы билим берүү мектебин кайра атоо жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 6-майындагы №244 токтомуна ылайык, "Кара-Токой" жалпы билим берүү мектебинин эмгек жамаатынын сунуштарын эске алуу менен, этика жана мыйзамдуулук маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2026-жылдын 25-февралындагы отурумунун корутундусун угуп жана талкуулап, Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Суу-Башы айыл аймагынын Боз-Адыр айылында жайгашкан "Кара-Токой" жалпы билим берүү мектеби мекемесинин аталышы өзгөртүлүп, мындан ары "Исхак Раззаков" атындагы жалпы билим берүү мектеби деп кайра аталсын.

2. Мектептин жаңы аталышын мамлекеттик каттоодон өткөрүү, тиешелүү документтерге өзгөртүү киргизүү жагы Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы А.Мансуровго милдеттендирилсин.

3. Айылдык кеңештин жооптуу катчысы токтомду каттоого алып, токтомдун көчүрмөсүн suu-bashy.gov.kg веб-сайтына жарыяласын жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Баткен облусунун юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

4. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн баштап күчүнө кирет.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы этика жана мыйзамдуулук маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **К.Шакиров**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛУСУ**
**БАТКЕН РАЙОНУ**
**СУУ-БАШЫ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАТКЕНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ СУУ-БАШИНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XIX сессиясы

**ТОКТОМ №140**

2026-жылдын 24-марты — Бужум айылы

**Ичүүчү таза суунун тарифин бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 34,39-беренелерин жетекчиликке алып, Суу-Башы айыл аймагынын Бужум айылынын калкты ичүүчү таза суу менен камсыз кылууну жакшыртуу, суу түтүктөрүн тейлөө, оңдоо иштерин каржылоо максатында, элдин пикирин эске алуу менен "Бужум Таза-Суу" коомдук бирикмесинин жетекчиси С.Амановдун билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Суу-Башы айыл аймагынын Бужум айылында ичүүчү таза сууну пайдалануу үчүн тарифтер төмөнкүдөй болуп бекитилсин.
   - Эсептегич аркылуу:
     -үйгө киргизгендер үчүн - 20 (жыйырма) сом.(1м$^3$ үчүн)
     -бюджеттик мекемелер үчүн -25 (жыйырма беш) сом.(1м$^3$ үчүн)
     -башка керектөөчүлөр үчүн -25 (жыйырма беш ) сом.(1м$^3$ үчүн)
     Үй чарбасын борбордук суу түтүгүнө кошуу- 5000( беш миң) сом (ар бир үйгө)
     Калк үчүн – 20(жыйырма) сом (бир адамга айына)
2. Бекитилген тариф 2026-жылдын 1-апрелинен баштап колдонууга киргизилсин.
3. Мекеме ишканалар жана элдер менен таза сууга болгон төлөмдөр боюнча келишим түзүү жана келишимге ылайык иш алып баруу жагы "Бужум Таза-Суу" коомдук бирикмесинин жетекчиси С.Амановго тапшырылсын.
4. Өзүн-өзү каржылоодон түшкөн акча каражатын үнөмдөп, жаңы конуштарга таза суу тартуу жагы колго алынсын.
5. Айылдык кеңештин жооптуу катчысы токтомду каттоого алып, токтомдун көчүрмөсүн suu-bashy.gov.kg веб-сайтына жарыяласын жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Баткен облусунун юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.
6. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн баштап күчүнө кирет.
7. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет жана экономикалык маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** — **К.Шакиров**